**каада-салт** - кандайдыр бир элдин турмуш тиричиликтеги, үй-бүлөдөгү жүрүм-турум нормалары, эрежелери, ырым-жырым, адеп-ахла, каада-жөрөлгө, жол-жоболордун жыйындысы. Каада-салттарды жана үрп-адаттарды ар кандай ырым-жырымдар, жөрөлгөлөр коштойт.

салт - жалпы элдик мүнөздөгү менталдык эрежелердин системасы, ал өзүнө нарк, каада, элдик үрп-адаттарды камтыйт жана ырым-жырымдар менен коштолуп турат.

**эреже** - бул ишмердүүлүктүн кандайдыр-бир түрүн жүзөгө ашыруунун тартибин аныктоочу процедуралык эрежелерди белгилеген ченемдик укуктук актынын формасы.

### 3. Жыргалаң айылдык аймактын территориясы

2.1. айылдык аймактын территориясы чек араларынын чектериндеги жерлерди өзүнө камтыйт.

2.2. Айылдык аймактын территориясы бир Жыргалаң айылын камтыйт

### 3. Жыргалаң айылдык аймактын жергиликтүү жамаатынын статусу, укуктары жана милдеттери

3.1. Жергиликтүү маанидеги маселелерди өзүнүн жоопкерчилиги менен өз алдынча чечүүгө жалпы кызыкчылыктары менен бириккен, айылдык аймакта туруктуу жашашкан Кыргыз Республикасынын жарандары айылдык аймактын жергиликтүү жамаатын түзүшөт.

3.2. Жергиликтүү жамаат жергиликтүү өз алдынча башкаруунун негизги субъектиси жана объектиси болуп саналат.

3.3. Айылдык кеңеши, айыл өкмөтү өз ишмердүүлүгүнүн бардык негизги маселелерин жергиликтүү жамаат менен макулдашып чечишет, өз ишмердүүлүгү тууралуу жергиликтүү жамааттын алдында отчет беришет. Жергиликтүү жамаат айылдык кеңештин жана айыл өкмөтүнүн ортосундагы талаш-тартыштарды чечет.

3.4. Жергиликтүү жамааттын өнүгүүсүнүн деңгээлине төмөндөгү белгилердин (прецеденттик мүнөздөмөлөрдүн) негизинде баа берсе болот:

- коомдук өз ара аракеттенүү, коңшулук мамилелер, жүрүм-турумдун жалпы эрежелери жана нормалары;
- чарбалык муктаждык (көпүрө куруу, эс алуу, билим берүү жайларын ремонттоо жана башка) келип чыккандагы жашоочулардын биримдиги;
- жан-дүйнө жана маданий керектөөлөрүн чечүүдө жашоочулардын биримдиги;
- жашаган жерин көрктөндүрүүдө жашоочулардын биримдиги;
- коллективдүү жана жеке укуктарды жана кызыкчылыктарды коргоодогу биримдик;
- аймактык коомдук башкаруунун (ТОС) болушу жана активдүүлүгү;
- жарандардын өз ара салык киргизүүсүнүн болушу;
- маданий-массалык иш чараларды өткөрүүдөгү жашоочулардын активдүүлүгү (жылына өткөрүлгөн иш чаранын саны жана катышкандардын саны);
- өндүрүштүк, чарбалык ишмердиктеги өз ара байланыш;
- жарандардын ченем чыгаруудагы активдүүлүгү (чогулуштарда, жыйындарда чечим кабыл алууга катышуусу);
- жарандардын айылдык кеңештин жана айыл өкмөтүнүн ишмердүүлүгүнө көзөмөл жүргүзүүгө катышуусу (ЖӨБО отчетторун угууга катышкан жамааттын мүчөлөрүнүн саны);